маселелерди чыгарууга жана маселелердин шарттарын жөнөкөйлөтүүгө мүмкүн болгон сонун математикалык объекттер. Көптөгөн математикалык фактыларды графтардын тилинде формулировкалоо ыңгайлуу. Граф теориясы көптөгөн илимдердин бир бөлүгү болуп саналат. Граф теориясы эң ыңгайлууз жана визуалдык математикалык теориялардын бири. Акыркы убакта граф теориясы прикладдык маселелерде көбүрөөк колдонулууда.

Бул макалада графтар теориясы боюнча мисалдар каралып, андан соң жыйынтык чыгарылды: графтык мисалдар окуучулардын активдүү таанып – билүү ишмердүүлүгүн, фантазиясын жана логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет. Граф теориясы мектеп математика курсунда каралбайт, бирок башталгыч класстардын окуу китептеринде башка ыкмаларга караганда графтарды колдонуу менен чыгаруу оңой болгон маселелерди табууга болот. Мындан тышкары, графтардын жардамы менен чечилген маселелер бул предмет боюнча олимпиадаларда дайыма кездешет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Белоусов А.В., Ткачев С.В. Дискретная математика. – М.: Изд-во МГТУ им. Баумана, 2002.
2. БерезинаЛ.Ю., «Графы и их применение» издательство «Просвещение», Москва, 1979 г.
3. В. Алексеев, В. Таланов, Курс «Графы и алгоритмы», Лекция № 2 «Маршруты, связность, расстояния»: Маршруты и связность в орграфах // Интуит.ру, 27.09.2006
4. Кристофидес Н. Теория графов. Алгоритмический подход (глава 9.5) — М.: Мир, 1978.

УДК: 378. 09
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-2(1)-222-227

**Шайланова М.М., Алымбекова А. Т., Асанова М**
Талас мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, окутуучу,
Талас мамлекеттик университети, магистрант
**Шайланова М.М., Алымбекова А. Т., Асанова М**
Таласский государственный университет, кандидат педагогических наук, доцент
Таласский государственный университет, преподаватель,
Таласский государственный университет, магистрант
**Shailanova M. M., Alymbekova A. T., Asanova M.**
Talas State University, Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor,
Talas State University, Teacher,
Talas State University, Master’s student

## ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН УЮШТУРУУДА ҮЙ ТАПШЫРМАСЫНЫН РОЛУ
## РОЛЬ ДОМАШНИХ ЗАДАНИЙ В ОРГАНИЗАЦИИ УЧЕБНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ УЧАЩИХСЯ
## THE ROLE OF HOMEWORK IN THE ORGANIZATION OF STUDENTS' LEARNING ACTIVITIES

**Аннотация:** Макалада окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштурууда үй тапшырмасынын ролуна өзгөчө көңүл бурулган. Алгач учурдагы башталгыч мектептерде окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө, таанып билүү жөндөмүнө ылайык окуу процессинин негизги курамы болгон окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштурууда үй тапшырмасынын негизги эрежелери жана өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн. Үй тапшырмасы окуучулардын эмгекчилдигин, өз алдынчалыгын калыптандырууга көмөктөшүп, класстан тышкаркы убакытты негиздүү жана мазмундуу уюштуруунун каражаты, ошондой эле окуучуларды тарбиялоо үчүн маанилүү жана аны уюштуруунун эң негизги формаларынын бири экендигин белгиленген. Ошондой эле окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштурууда үй тапшырмасынын теориялык негиздеринин жыйынтыгы берилген.

**Аннотация:** В статье особое внимание уделяется роли домашнего задания в организации учебной деятельности учащихся. Показаны основные правила и особенности домашней работы в организации учебной деятельности учащихся, которая является основным компонентом учебного процесса в соответствии с возрастными особенностями и познавательными способностями ученика в современной начальной школе. Отмечается, что домашнее задание способствует формированию у учащихся трудолюбия и самостоятельности, является средством разумной и содержательной организации внеаудиторного времени, а также имеет важное значение для воспитания учащихся и является одной из основных форм его организации. Также приведены результаты теоретических основ домашнего задания в организации учебной деятельности учащихся.

**Abstract:** The article pays special attention to the role of homework in the organization of students' learning activities. The main rules and features of homework in the organization of educational activities of students are shown, which is the main component of the educational process in accordance with the age characteristics and cognitive abilities of the student in a modern elementary school. It is noted that homework contributes to the formation of diligence and independence among students, is a means of reasonable and meaningful organization of extracurricular time, and is also important for the education of students and is one of the main forms of its organization. The results of the theoretical foundations of homework in the organization of educational activities of students are also given.

**Негизги сөздөр:** окуу ишмердүүлүк, өз алдынча иштөө, окутуунунун натыйжалуулугу, үй тапшырмасы, билим, билгичтик, көндүм, ой жүгүртүү.

**Ключевые слова:** учебная деятельность, самостоятельная работа, эффективность обучения, домашнее задание, знание, умение, мышление.

**Keywords:** learning activity, independent work, learning efficiency, homework, knowledge, skill, thinking.

Атайын изилдөөлөр көрсөткөндөй, окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуу проблемасы, сабактардын жогорку сапаты – окуучулардын үй тапшырмаларын жакшы уюштурулушу менен колдоого алынганда гана ийгиликтүү чечилет.

Үй тапшырмасы окуучулардын эмгекчилдигин, өз алдынчалыгын калыптандырууга көмөктөшүп, класстан тышкаркы убакытты негиздүү жана мазмундуу уюштуруунун каражаты катары кызмат кылгандыктан, окуучуларды тарбиялоо үчүн маанилүү. Н.Крупская мындай деп жазган: «Үйгө берген тапшырманын мааниси өтө чоң. Үй тапшырма туура уюштурулса, аларды өз алдынча иштөөгө үйрөтүшөт, жоопкерчилик сезимин ойготот, билимге жана шыктарга ээ болууга жардам берет». Ошентип, мектеп окуучуларынын үй

тапшырмасы окуу процессинин абдан маанилүү бөлүгү болуп жана аны уюштуруунун эң негизги формаларынын бири болуп саналат.

Заманбап дидактиктер В.Оконь жана И.П. Подласый үй тапшырмасына төмөнкүдөй аныктама берген. Окуучулардын үй тапшырмасын аткаруунун маңызы мугалим берген материалды кайталоо жана тереңирээк өздөштүрүү жана аны практикада колдонуу боюнча тапшырмаларын өз алдынча аткарууда, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн, таланттарын өнүктүрүүдө билимин, билгичтигин жана көндүмүн өркүндөтүү болуп саналат. Бул аныктамадан үй тапшырмасы өтүлгөн материалды өздөштүрүүдө эки негизги өзгөчөлүгү менен мүнөздөлөт – мугалим тарабынан берилген үй тапшырмасынын болушу жана аны аткаруу боюнча окуучулардын өз алдынча иштөөсү.

Өзүнүн мазмуну боюнча үй тапшырмасы төмөнкүлөрдү камтыйт:

- окуу китебинен өтүлгөн материалды өздөштүрүү;
- оозеки көнүгүүлөрдү аткаруу;
- жазуу көнүгүүлөрүн аткаруу;
- чыгармачылык менен иштерди аткаруу;
- байкоолорду жүргүзүү;
- практикалык жана лабораториялык иштерди аткаруу;
- изилденген материал боюнча таблицаларды, схемаларды, диаграммаларды даярдоо ж.б.

Бардык окуучулар үчүн жалпы тапшырмалар менен катар жекече үй тапшырмалары да берилет. Бул тапшырмалар айрым темалар боюнча окуучулардын билимдериндеги боштуктарды жоюуга, практикалык көндүмдөрдү жана билгичтиктерди өнүктүрүү үчүн тапшырмаларды күчөтүүгө багытталган. Мындан тышкары, жакшы окуган окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн татаалдыгы жогорулатылган тапшырмалар берилет.

Үй тапшырмасынын көлөмүн жана татаалдыгын туура берүү, окуучулардын ашыкча түйшүгүн болтурбоо үчүн абдан маанилүү.

Мектеп окуучуларынын үй тапшырмаларын аткаруудагы тарбиялык ишинин сапаты жана маданияты окуу – таануу ишмердүүлүгүнүн психологиялык – педагогикалык мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн негизинде бир катар эрежелерди жана талаптарды сактоону жана ишке ашырууну камтыйт. Мына ушул эрежелердин эң негизгилери.

1. Окуучулар билимди түшүнүү жана өздөштүрүү процесси чачыранды болушу керек экенин билиши керек. Бул программалык материалды ар тараптуу түшүнүү жана бекем өздөштүрүү үчүн сабактарды бир отурганда эмес, кандайдыр бир убакыттын ичинде окууга бир нече жолу кайрылыш керек дегенди билдирет.

2. Үй тапшырмалары берилген күнү аткарылышы керек.

3. Үй тапшырмаларын даярдоого киришүүдө аларды так аткаруу жана берилген материалды бекем өздөштүрүү үчүн психологиялык маанайды түзүү зарыл. Ал үчүн үй тапшырмасын аткарууда кандай максатка жетүү керектиги жөнүндө кеңири ойлонуу керек.

4. Эгерде үй тапшырмасы окуу китебиндеги материалды өздөштүрүү жана ар кандай көнүгүүлөрдү аткарууну камтыса, анда аны даярдоону окуу китебинен иштөөдөн баштоо керек. Алгач өтүлгөн сабактын эсинде калган нерсени эстөөгө аракет кылыш керек. Андан кийин кайра чыгаруу жана өзүн – өзү башкаруу ыкмаларын колдонуу керек: материалды үн чыгарып же өзүнө кайра айтып берүү, окуганыңдын планын түзүү, окуу китебинин суроолоруна жооп берүү ж.б.

5. Практикалык тапшырмаларды аткарууга киришүүдө сабакта изилденип жаткан тема боюнча аткарылган көнүгүүлөрдү кылдаттык менен карап чыгып, аларды ишке ашыруу процессинде кандай теориялык жоболор колдонулганы жөнүндө ойлонуу керек. Бул ыкма окуучуларга үй тапшырмасын класстагы практикалык көнүгүүлөрдү байланыштырууга жардам берет жана жазуу жүзүндөгү тапшырмаларды өз алдынча аткарууга түрткү берет.

6. Башка предметтер боюнча үй тапшырмаларын даярдоонун ортосунда эс алуу жана психологиялык иштин башка түрүнө өтүү үчүн 10-12 мүнөттүк тыныгуулар керек.

7. Башка предметтер боюнча үй тапшырмаларын даярдоонун ортосундагы тыныгууларда телеберүүлөрдү көрүү, телефондо алаксуу, талкууларга ж.б. дуушар болбоо. Бул убакта тынч таза абада сейилдөө, жеңил физикалык жумуштарды жасаган жакшы.

8. Үй тапшырмасы күн сайын бир убакта жана белгиленген жерде аткарылышы абдан маанилүү. Бул окуу – тарбиялык милдеттерди аткарууга тездик менен көңүл буруууга, окуу процессинин тартиптүүлүгүнө жана ирээттүүлүгүнө көнүүгө өбөлгө түзөт.

9. Бүгүнкү болгон сабактар үчүн үй тапшырмасын даярдагандан кийин, 20-30 мүнөттүк тыныгуу жана өзүн – өзү башкаруу ыкмаларын колдонуу менен эртеңки сабактын материалын кайталап, окуу материалынын мазмунун өздөштүрүү керек.

10. Окуучулар жатар алдында 8-10 мүнөттү окуу китептеринен өтүлгөн материалды карап чыгууга бөлүп, тынч абалда уктаганы пайдалуу.

Үйдөн окуу процессинде калыптанган ишмердүүлүк эң негизги эреже экенин окуучу билиши керек.

Окуучулардын үй тапшырмасын аткарууда мектеп практикасы көрсөткөндөй олуттуу кемчиликтер бар.

1) Биринчиден, көптөгөн окуучулар үй тапшырмасын окуу китебин колдонуп даярдап жатканда окуу материалын жарым жартылай механикалык түрдө окуу менен чектелип, анын маанисин өз – өзүнчө бөлүп чечмелегенди билбей, билимди канчалык өздөштүргөнүн өзүн – өзү башкарууну билишпейт.

2) Үй тапшырмасын аткаруунун жетишпеген жагы көп окуучулар үчүн убакытты туура эмес уюштуруу болуп саналат, белгилүү бекем режимдин жоктугу эсептелинет. Бул окуу материалын үстүртөн, шашып аткарылышына алып келет.

3) Жазуу тапшырмаларынын аткарылышын окуучулар теориялык материалды алдын ала өздөштүрбөстөн, үй тапшырмасы ошого негизделгенин билбестен аткарышат. Ошонун айынан окуучулар үй тапшырмасын аткарууда олутту кемчиликтерди гана кетирбестен, теориялык материал менен практикалык көнүгүүлөрдүн байланышын ойлоп да коюшпайт.

Үй тапшырмасын окуучуга үстөккө босток жүктөп берүү тескери таасирин тийгизет. Айрым мугалимдер өз предметтерин (мисалдарын) окуучуларга көбүрөөк беришет. Бирок тапшырма менен өтө эле жүктөлүшү окуучуларды үй тапшырмасынын чоңураак көлөмү гана эмес, окуучунун сабактагы аны аткаруу боюнча начар даярдыгы менен шартталат. Көрсөтүлгөн кемчиликтер окуу сабагынын сапатын сөзсүз көтөрүү керек экендиги жөнүндөгү бүтүмгө алып келет жана мугалимдердин үй тапшырмасын аткаруу боюнча ыкмаларды окутууга жеткиликтүү көңүл бөлүүсүнө жана үй тапшырмасынын көлөмүн рационалдаштырууга талап коёт.

Бул багыт боюнча мектеп алдында кандай көйгөйлөр бар?

Биринчиси, мугалим дагы, окуучу дагы, үй тапшырмасы боюнча окуудага тиешелүү эрежелердин жана талаптардын системасын терең түшүнүүдө турат.

Экинчиси, ошол эрежелерди жана талаптарды иш жүзүндө окуучулардын үй тапшырмаларын аткарууга колдонуу.

Үй тапшырмасынын өзгөчөлүктөрү.

Үй тапшырмасы өз алдынча иштөөсүнүн типтүү мисалы, ансыз окуучуларга биргелешкен билим берүүнү жана өз алдынча окутууну камсыз кылуу мүмкүн эмес. Үй тапшырмасыз өтүлгөн теманы өздөштүрүү жана эске тутуу калыптанбайт. Бул үй тапшырмалар окуучуларды тарбиялоодо дагы кем эмес мааниге ээ, анткени окуучулардын жүрүм – турумун, өз алдынчалыгын жана мектептен тышкары бош убактыларын туура уюштурууну калыптандырууга үйрөтөт.

Албетте, бардык тапшырмалардын түрү берилген маселени чыгарууга жардам берет, бирок азыркы учурда мугалим атайын максатты белгилейт жана тапшырманы текшерүү учурунда окуучулардын көңүлүн ошого багыттап бурат.

Илим – билим өтө өнүгүп жана тездик менен көбөйүп жаткан дүйнөдө көп сандагы фактыларды эстеп калуу максатка ылайыктуу же зарыл эмес. Каалаган маалыматты Интернет аркылуу көз ирмемде алса болот. Бүгүнкү күндө көйгөйлөрдү чечүү, болгондо да ой жүгүртүүнүн жогорку деңгээли аркылуу чечүү жөндөмү бийик бааланат. Ушул себептен билим берүү бүгүнкү күндө ой жүгүртүү процессин жакшыртуу үчүн окуучуларга жардам берүүгө тийиш. Эгерде биз сабагыбызда окуучулардан кайра айтып берүүнү жана алдын ала айтууну гана өтүнсөк, анда биз алардын ой жүгүртүү көндүмдөрүн жетишээрлик деңгээлде өнүктүрө албай калабыз. Биз кыйла жогорку деңгээлдеги суроолорду берүүгө өтүшүүбүз зарыл, бул да окуучуларды кыйла жогорку деңгээлде ой жүгүртүү көндүмдөрүн камсыз кылат. Ошентип биз окуучулардан аныктоону, салыштырууну, факты менен пикирлерди айырмалоону, баалоону, тепкич боюнча жогору карай жана башка ушул сыяктуу иштерди жасоону үйрөтүшүбүз керек.

Жыйынтыгында изилдеп жаткан маселенин теориялык негиздерин жыйынтыктап, биз кээ бир тыянактарды жасай алабыз.

• Үй тапшырмасынын натыйжалуулугу төмөнкүлөрдөн көз каранды:
максатын так билдирүү, ар кандай формалар, дифференциялоо, анын аткарылышын өз убагында көзөмөлдөө;

• Үй тапшырмасын коюуда балдардын жаш өзгөчөлүгүн, ошондой эле окууга болгон мамилесин эске алуу зарыл;

• Үй тапшырмасынын көлөмү туура тандалышы керек;

• Үй тапшырмасын коюуда, ага так жана сабаттуу комментарий беришиңиз керек;

• Текшерүүнүн ар кандай формаларын колдонуу зарыл;

• Жаңы материалды үйрөнүүгө даярдануунун каражаты катары үй тапшырмасын колдонуу максатка ылайык:

• Үй тапшырмаларына чыгармачылык мүнөздөгү тапшырмаларды киргизүү максатка ылайык, бул окуучулардын көптөгөн жөндөмдүүлүктөрүн өстүрө тургандыгы шексиз;

• Окуучулардын үй тапшырмаларынын жакшы уюштурулушу кийинки эки сабактын ортосунда байланыштыруучу ролду ойноп, окуунун натыйжалуулугун жогорулатуу менен бирге сабактын жогорку сапатын бекемдейт.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Бекбоев И. Педагогикалык процесс: Эски көнүмүштөр жана жаңычыл көз караштар. - Б., 2005.

2. Мухина С.А., Соловьева А.А. Нетрадиционные педагогические технологии в обучении. – Ростов-на-Дону: «Феникс», 2004.
3. Орлов В.Н. Активность и самостоятельность учащихся. -1998.
4. Төрөгелдиева К.М. Математика сабагында дифференцирленген окутууну ишке ашыруунун кээ бир жолдору [Текст] / К.М. Төрөгелдиева/ Илимий эмгектер жыйн.КББИ. - Бишкек, 2000.

УДК: 378. 28
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-2(1)-227-232

**Шайланова М. М., Норузалиева Г. С., Тургунова А. Б.**
Талас мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, окутуучу,
Талас мамлекеттик университети, магистрант
**Шайланова М. М., Норузалиева Г. С., Тургунова А. Б.**
Таласский государственный университет, кандидат педагогических наук, доцент
Таласский государственный университет, преподаватель,
Таласский государственный университет, магистрант
**Shailanova M. M., Noruzalieva G.S., Turgunova A.**
Talas State University, Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor,
Talas State University, Teacher,
Talas State University, Master’s student

# ОКУУЧУЛАРДЫН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН УЮШТУРУУНУН ТАЛАПТАРЫ ЖАНА ДИДАКТИКАЛЫК ПРИНЦИПТЕРИ

# ТРЕБОВАНИЯ И ДИДАКТИЧЕСКИЕ ПРИНЦИПЫ ОРГАНИЗАЦИИ САМОСТОЯТЕЛЬНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ПО ФОРМИРОВАНИЮ КОМПЕТЕНЦИИ УЧАЩИХСЯ

# REQUIREMENTS AND DIDACTIC PRINCIPLES FOR ORGANIZING INDEPENDENT ACTIVITIES TO DEVELOP COMPETENCE OF STUDENTS

**Аннотация:** Бүгүнкү күндө ааламдашуу доорунун заманбап талаптарына ылайык, ар бир адам, ар бир жаран кайсыл гана чөйрөдө, кандай гана маселени чечүүдө болбосун өзүнүн компетенттүүлүгүн көрсөтө алуу зарылдыгы келип чыгууда. Азыркы, заманбап компетенттүүлүккө багыттап сабак берүү технологиясын уюштурууда негизги көңүл мугалимдин окуучу менен биргелешкен иш аракетине көңүлдүн топтолуусу, эске алуусу менен айрымаланат. Макалада окуучулардын компетенттүүлүгүн калыптандырууда өз алдынча иштөө ишмердүүлүгүн уюштуруунун талаптары жана окутууну жаңыча уюштурууда башкача айтканда окуучуларды компетентүүлүккө багыттап окутуунун дидактикалык, методикалык принциптери берилген.

**Аннотация:** На современном этапе в соответствии с современными требованиями эпохи глобализации перед каждым человеком, каждым гражданином общества возросла необходимость проявить свою компетентность в любой области деятельности, в решении любой проблемы. Организация современного компетентностного обучения отличается